Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Жума, 2022-жылдын 4-февралы №14 (3349)

ААЛАМГА ЧЫЙЫР САЛЧУ КЫРГЫЗ-КЫТАЙ АЛАКАСЫ

Кечээ Президент Садыр Жапаров Кытай Эл Республикасынын Пекин шаарына иш сапары менен барды. Мамлекет башчысы иш сапарынын алкагында Кышкы Олимпиада – 2022 оюндарынын ачылыш аземине катышып, КЭР Төрагасы Си Цзиньпин менен жолугушат.

2022-ЖЫЛ – ТООЛОРДУН ЭКОСИСТЕМАСЫН КОРГОО ЖАНА КЛИМАТТЫК ТУРУКТУУЛУК ЖЫЛЫ

Президент Садыр Жапаров «2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө» Жарлыкка кол койду.

Кыргыз Республикасынын демилгеси боюнча 2021-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 76-сессиясынын катышуучулары 2022-жылды «Тоолорду туруктуу өнүктүрүү эл аралык жылы» деп жарыялоо жөнүндө резолюциясын бир добуштан колдошкон.

Учурда Мамлекет башчысынын Нью-Йорктогу БУУнун Башкы Ассамблеясында жана Глазгодо өткөн климат боюнча дүйнөлүү лидерлеринин саммитиндеги билдирүүсүндө айтылган Кыргыз Республикасынын бир катар демилгелерин илгерилетүү боюнча маселелер иштелип чыгууда.

Канат САДЫКОВ:

«Алыскы туугандан жакынкы кошуна артык»

3-БЕТТЕ

Качкынбай уулу Адилет:

“Окуучулар өзүбүз алган автобустар менен каттай башташат”

8-9-БЕТТЕРДЕ

Вопросы государственности Кыргызстана в условиях поствестфальского миропорядка

16-БЕТТЕ

АКЫЛБЕК ЖАПАРОВ “АЛТЫНКЕНДЕ”

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Чүй облусунун Кемин районундагы Талды-Булак Сол жээк кенине барып, тоо-кен комбинатынын башкаруу борбору, кенди казып алуу технологиясы менен таанышып, алтын чыгаруучу фабриканын жана уу калдыктарды сактоочу жайдын абалын көрүп чыкты.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы экологиялык жана өнөр жай коопсуздугунун так сакталышы жана ишканадагы эмгектин корголушу зарыл экендигин белгиледи. Кен иштетүү компаниясынын жамааты жана жетекчилиги менен жумушчу кеңешме өткөрүп, «Алтынкен» ЖЧКнын өнүгүү келечеги жана көйгөйлөрү талкууланды.

ӨМҮРБЕК ТЕКЕБАЕВ ЭЛЧИ БОЛУП ДАЙЫНДАЛДЫ

“Ата-Мекен” партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев эми кыргыз саясатын гана “жиликтебестен” эл аралык алака түзүп, дипломатиялык миссияны аркаламай болду. Президент Садыр Жапаровдун кол койгон Жарлыгына ылайык Өмүрбек Чиркешович Кыргыз Республикасынын Германия Федеративдүү Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси болуп дайындалды.

СОТ БИЙЛИГИНДЕ – ЖАҢЫ ЖЕТЕКЧИЛЕР

Буга чейин Жогорку соттун төрайымы кызматын аткарып келген Нүргүл Бакирова ээлеген ордун өз каалоосу менен тапшырып бергени маалым болгон. Эми Президенттин Жарлыгына ылайык Базарбеков Замирбек Курамаевич Жогорку соттун төрагасы болуп дайындалды.

Президент кол койгон дагы бир Жарлыкка ылайык, Конституциялык соттун төрагасы Дуйшеев Карыбек Арстанбекович ээлеген кызматынан өз каалоосу менен мөөнөтүнөн мурда бошотулду. Анын ордуна Өскөнбаев Эмил Жолдошевич төрага болуп дайындалды.

ЖАЗДЫН КАМЫН КЫШТА КӨР

Өткөн жылы кургакчылык болуп, дыйкандар бир топ түйшүк тартты. Быйыл бул көйгөйдү алдын алуу үчүн Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Азиз Аалиев Чүй каналынын экинчи баскычын жана Шамшы дарыясына суу сактагыч куруу долбоорлору менен таанышты.

«Сугат иштерине кошумча 1 млрд сом бөлүнгөн. Учурда өлкөнүн ар бир аймагында каналдарды тазалоо, ирригациялык курулуштарды жана атайын техникаларды жазгы талаа иштерине даярдоо иштери жүрүп жатат. Мындай ирригациялык чаралар айыл чарба өндүрүүчүлөрдүн талааларын сугат суусу менен өз убагында жана керектүү көлөмдө камсыз кылууга мүмкүндүк берет», - деп билдирди Азиз Аалиев.

КАДАМЫҢ ТУУРА БОЛСО, КЫЗМАТТАШУУГА БААРЫ ДАЯР

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Орусиялык «Өнөр жайды өнүктүрүү боюнча улуттук лизинг компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору Дмитрий Ерошокту кабыл алды.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар жол техникасы, бажы жана салыктык башкаруу үчүн аппараттык кассалык комплекстерди жеткирүү боюнча биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жана башка маселелер талкууланды.

Акылбек Жапаров Министрлер Кабинети орусиялык компания менен жемиштүү кызматташууга даярдыгын белгиледи.

Өз кезегинде Дмитрий Ерошок компания комплекстүү финансылык программаларды, анын ичинде инвестициялык жана авиациялык долбоорлорду ишке ашырууда чоң тажрыйбага ээ жана жакын арада керектүү жабдууларды жеткирип баштоого даяр экенин билдирди.

БАТКЕН КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Арзыбек Кожошев «Баткен облусунун статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы боюнча кеңешме өткөрдү. Кабыл алынган мыйзамга ылайык, Баткен облусунун бүткүл аймагында атайын салыктык-инвестициялык режим иштейт, облустун калкына мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жеңилдетилген жана акысыз (медициналык жана башкалар) негизде көрсөтүлөт, аймакты өнүктүрүү боюнча атайын кеңеш түзүлүп, ал эми аймакты өнүктүрүүгө республикалык бюджеттен жыл сайын 500 млн сом өлчөмүндө каражат бөлүнөт. Аталган мыйзамдын алкагында Министрлер Кабинети 62 жеңилдетилген чек ара конуштарынын тизмесин бекитүү чечимин биринчи этапта кабыл алган. Бул тизме толук эмес, мыйзам чегинде жана бардык зарыл процедураларды сактоо менен толукталмакчы.

Арзыбек Кожошев: «Бул тизмеге Баткен районунун бардык чек ара айылдары кирбейт, анткени аларды киргизүү үчүн мыйзамдын талабы боюнча өзгөчө шарттар бар. Бул чечимди кайрадан карап чыгып, экинчи этап менен жеңилдикке муктаж башка айылдарды тизмеге киргизели деп жатабыз», - деди.

ЧЕТ ЖАКТАГЫ МЕКЕНДЕШТЕРДИ ЭСИБИЗДЕН ЧЫГАРБАСАК...

Кечээ Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Президенттин «Миграциялык кырдаалды жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алуу жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, ишке орноштуруу органдарынын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн жана коомдук активисттердин катышуусунда жыйын өткөрдү. Жолугушууда эмгек мигранттарын уюшкандык менен ишке орноштурууга мамлекеттик органдардын ишин координациялоону күчөтүү жөнүндө кеп болду.

«Министрлер Кабинетинин негизги артыкчылыктуу иши өлкөнүн ичинде жумушчу орундарын түзүү болуп саналат. Учурда биз республикага тейлөө жана өндүрүш тармагында гана эмес, мектептерге, ооруканаларга, мамлекеттик мекемелерге да адискөй кадрларды кайтарууга умтулуудабыз. Бирок, жакынкы жылдары бизде жаштардан жумушчу күчтүн арбын болушу күтүлөт. Алардын чет өлкөдөн жакшы маяналуу жумушка орношуусу үчүн активдүү аракеттерди көрөбүз. Алар экономиканы өнүктүрүү жана ага инвестиция салуу үчүн талап кылынган көндүмдөрдү да ала алышат", - деп белгиледи Байсалов.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

2022-ЖЫЛДЫ ТООЛОРДУН ЭКОСИСТЕМАСЫН КОРГОО ЖАНА КЛИМАТТЫК ТУРУКТУУЛУК ЖЫЛЫ ДЕП ЖАРЫЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Өлкөнүн «экологиялык, экономикалык, азык-түлүктүк коопсуздугун камсыз кылуу, климаттын туруктуулугун жогорулатуу, жаратылыш мурастарын сактоо жана Тоолорду туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык жылын өткөрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасында 2022-жыл Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялансын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) 2022-жылдын 1-мартына чейин Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылын өткөрүү боюнча жол картасын иштеп чыксын жана бекитсин;

2) жогоруда көрсөтүлгөн Жол картасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин контролдоону жана координациялоону камсыз кылсын.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 31-январы, ПЖ №17

ИШТЕГЕН ЖЫЛДАРЫ ҮЧҮН ПАЙЫЗДЫК ҮСТӨК АКЫЛАРДЫ ТӨЛӨӨ ҮЧҮН МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТЫН ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТЫН СТАЖЫН ЭСЕПТӨӨ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттик кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды материалдык жүйөлөштүрүү максатында, «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 6, 7-бөлүктөрүнө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Иштеген жылдары үчүн кызматтык маянасына пайыздык үстөк акыларды төлөө үчүн мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын стажын эсептөө тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары эки айлык мөөнөттө өздөрүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 2-февралы , ПЖ №25

ИНВЕСТОРЛОРДУН ДАТТАНУУЛАРЫН КАРООНУН ЖАНА АЛАРДЫ КОШТООНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №3 "Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Инвесторлордун даттанууларын кароонун жана аларды коштоонун тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдорго, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына Инвесторлордун даттанууларын кароонун жана аларды коштоонун тартибин ишке ашырууга көмөк көрсөтүү сунуштасын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 28-январы, №32

■ Түбөлүк достук

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректору, профессор Канат САДЫКОВ:

«АЛЫСКЫ ТУУГАНДАН ЖАКЫНКЫ КОШУНА АРТЫК ЭКЕНДИГИНЕ ЫНАНЫП КЕЛЕБИЗ»

Жакында Ж.Баласагын атындагы КУУда, Конфуций институту жана Кыргыз-кытай факультети, Кыргыз Республикасы жана Кытай Эл Республикасынын ортосундагы дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына арналган "Жаңы эл аралык шартта кызматташуунун 30 жылдыгы" деген темада тегерек стол өткөрдү. "Кытай Эл Республикасынын Кыргыз Республикасындагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Ду Дэвэнь айым, КУУнун Конфуций институтунун директору Ан Дэюань, КРнын экс-премьер-министрлери – А.Жумагулов, Ф.Кулов, Т.Чыңгышев, КРнын экс-тышкы иштер министрлери М.Иманалиев, А.Айтматов, Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору, профессор К.Садыков, КУУнун Кыргыз-кытай факультетинин деканы, филология илиминин кандидаты С.Апаева, Кытай Эл Республикасынын бир катар коомдук ишмерлери, кыргыз жана кытай ЖОЖдорунун көрүнүктүү окумуштуулары катышып, эки өлкөнүн ортосундагы дипломатиялык мамилелердин жемиши жана келечеги тууралуу кеңкесири ой-пикирлерин ортого салышты.
Иш-чараны окуу жайдын ректору, профессор К.Садыков жана элчи айым Ду Дэвэнь ачып, кыскача сөз сүйлөштү.

- "1991-жылдын 27-декабрында Кытай Эл Республикасы Кыргызстандын эгемендүүлүгүн таанып, 1992-жылдын 5-январында эки мамлекеттин ортосунда дипломатиялык мамилелер түзүлгөн. КЭР биринчилерден болуп 1992-жылдын май айында Бишкекте элчилик ачып, ал эми Кыргызстандын Пекиндеги элчилиги 1993-жылдын 31-августунда ачылган.

Легендарлуу парламенттин спикери Медеткан Шеримкулов, ошол учурда республиканын вице-президенти Феликс Кулов дипломатиялык мамилелерди орнотуу боюнча коммюникеге кол коюу аземине катышкан. Ага өлкөбүздүн жетекчилигинин атынан Муратбек Иманалиев кол койгон жана ал Кыргыз Республикасынын КЭРдеги биринчи элчиси болгон.

Кытайдын Коммунисттик партиясынын түзүлгөндүгүнүн быйыл 100 жылдык мааракеси болот. Ушуга байланыштуу биз Кыргызстан коммунисттеринин лидери, көрүнүктүү саясатчы, КР ЖК депутаты Исхак Масалиев иш-чарага атайын чакырылган.

Кыргыз Республикасы менен КЭРдин ортосунда 1991-жылдан бери саясий, соода-экономикалык, маданий-гуманитардык жана башка чөйрөлөрдө өз ара кызматташуу жигердүү өнүгүүдө. Кыргызстан «Бир алкак – бир жол» демилгесинин алгачкы колдоочуларынын жана катышуучуларынын бири.

Кытай мамлекети Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү жана элибиздин жашоошарттарынын деңгээлин жогорулатуу жагдайында жардам көрсөтүүсүн улантууда. Мындан сыртқары, "Түндүк-Түштүк" альтернативдик жолу Кыргызстандын эгемендүүлүк алгандан кийинки эң ири долбоорлордун бири болуп саналат. Борбордук Азиядагы эң ири хирургиялык ооруканага айланган Ош облустук ооруканасы, Кыргызстандын энергетика системасынын көз карандысыздыгын камсыздаган «Датка-Кемин» электр өткөргүч линиясы кошуна өлкөнүн каржылык колдоосу менен ишке ашырылган жана ашырылууда.

Ал эми Кыргыз Республикасы менен КЭРдин ортосунда 250гө жакын эки тараптуу документтерге кол коюлгандыгы олуттуу келишимдик базанын бар экендигин, эки өлкөнүн өз ара пайдалуу кызматташтыкты ырааттуу өнүктүрүүгө умтулуусун айгинелейт.

1992-жылдын май айында ошол учурдагы Президент А.Акаевдин КЭРге биринчи расмий сапарынын жүрүшүндө түзүлгөн эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин принциптери боюнча биргелешкен кыргыз-кытай коммюникеси, достук мамилелердин негиздери жөнүндө биргелешкен декларация жана 1996-жылдын июль айында Кытай Эл Республикасынын төрагасы Цзян Цзэминдин Кыргызстанга болгон расмий иш сапарынын алкагында кол коюлган кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасы, ошондой эле Кыргызстан, Казакстан жана Кытай Эл Республикасынын мамлекеттик чек араларынын кошулуу пункту жөнүндө макулдашуу жана башка келишимдер бар.

2002-жылдын 24-июнунда түзүлгөн Жакшы коңшулук, достук жана кызматташтык келишимин жетекчиликке алып, эки өлкөнүн ар тараптуу кызматташтыгы терендөөдө.

Бүгүнкү талкуунун жыйынтыгы эки өлкөнүн ортосундагы стратегиялык өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүүгө ишке ашарлык салым кошооруна, ал эми университетибиз жаңы кызыктуу жана жемиштүү жолугушуулар үчүн пайдалуу аянтча болооруна биз ишенебиз", - деп белгиледи Канат Садыков.

Кытайдын Кыргыз Республикасындагы элчиси Ду Дэвэнь: "2022-жылдын 5-январында Кытай менен Кыргызстан дипломатиялык мамилелеринин 30 жылдыгын бирге белгилешти. Биздин өлкөлөр үчүн бул маанилүү окуя, кытай-кыргыз мамилелерин өнүктүрүүдөгү жаңы этап болуп калды.

Дипломатиялык мамилелер орнотулгандан бери 30 жылдын ичинде кытай-кыргыз алакалары мезгилдин жана эл аралык ар кандай кырдаалдардын туруксуздугунун сыноосунан өтүп, динамикалуу өнүгүү тенденциясын сактап, өз ара урматтоонун, мамлекеттер аралык тең укуктуу мамилелердин үлгүсү боло алды", - деди.

Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы өз ара ишеним тынымсыз чыңдалууда. 1992-жылдын 5-январында Кытай менен Кыргыз Республикасы дипломатиялык мамилелерди орнотуу боюнча биргелешкен коммюникеге кол коюшуп, эки өлкөнүн ортосундагы достуктун жаңы барагы ачылган.

Биргелешкен аракеттердин аркасында Кыргыз Республикасында «Бир алкак – бир жолдун» алкагында бир катар маанилүү долбоорлор ишке ашырылды. «Датка-Кемин» электр берүү линиясынын долбоору Кыргызстанда бирдиктүү электр энергиясын берүү системасын түзүүгө чоң салым кошкон. Ош шаарындагы оорукана комплекси Борбордук Азиядагы эң ири заманбап хирургиялык ооруканага болуп калды. Бишкек шаардык жол тармагын реконструкциялоо долбоору борбордун транспорттук жана коммуникациялык абалын бир топ жакшыртат.

"Өткөн айда Кыргызстандын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров экөөбүз «Түндүк – Түштүк альтернативалуу жол» долбоорунун экинчи фазасын аяктоо аземине катыштык. Бул жол өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, кыргыз элинин бакубаттуулугунун деңгээлинин жогорулашына сөзсүз салым кошот", - деп белгиледи элчи Ду Дэвэнь.

Кытай көп жылдар бою чет элдик инвестициянын эң ири булагы жана Кыргыз Республикасынын эң маанилүү соода-экономикалык өнөктөштөрүнүн бири бойдон калууда. Биздин маалымат боюнча, 1992-жылдан 2019-жылга чейин эки өлкөнүн ортосундагы сооданын жалпы көлөмү 180 эсеге өсүп, эң жогорку көрсөткүч 6 миллиард АКШ долларын түзгөн.

Учурда Кытайга айыл чарба продукциясын экспорттоо көбөйүүдө. Кытайлык үй-бүлөлөрдүн дасторконунда кыргыздын балы, мөмө-жемиштери, кургатылган жемиштери пайда болду. Эки тарап тең чек арадагы электрондук коммерция, жашыл экономика жана экономикалык багыттардагы өнүгүү кадамдарын жигердүү издөөдө.

Кытай менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы маданий-гуманитардык алака жыл сайын кеңейүүдө. Биздин өлкө бул жаатагы кызматташтыкка өзгөчө маани берет.

Эки мамлекеттин ортосундагы маданият, билим берүү, медицина, илим жана технология, спорт, жаштар жана башка тармактарда да кызматташуунун бай натыйжаларына жетишилди. Акыркы жылдары Кыргызстанда кытай тилин үйрөнүүгө кызыгуу өсүүдө. Кытайдын жогорку окуу жайларында 5 миңге жакын кыргызстандык студент билим алууда. 4 Конфуций институту жана 21 Конфуций классы кыргыз студенттерине кытай тилин жана маданиятын үйрөнүү үчүн аянтча болуп саналат.

"Эки эл алыскы туугандан жакынкы кошуна артык экенине, достор бири-бирине ар дайым жакшылык кааларына бекем ынанды. 30 жылдын аралыгында кытай-кыргыз мамилелери жемишин берип, тарыхтагы эң жогорку деңгээлге жетти.

Дүйнөлүк деңгээлдеги эбегейсиз өзгөрүүлөрдүн шарттарында да эки өлкө өз ара мамилелердин өнүгүүсүнүн туруктуу динамикасын сактайт. Бул биздин жалпы милдетибиз", - деп белгиледи элчи Ду Дэвэнь.

Бактыбек ИМАМАДИЕВ

■ Жогорку Кеңеште

ЖОЛ КӨЙГӨЙҮ ЧЕЧИЛЕБИ?

Депутат Нурлан Шакиев 3-февралда парламенттин жалпы жыйынында Аксы, Ала-Бука, Чаткал районунун эли каттаган жалпысынан 72 чакырымды түзгөн Кербен – Үч-Коргон, Таш-Көмүр – Кербен жолун оңдоо маселесин көтөрдү. Ушул 72 чакырым жолдун 42 чакырымы 40 жылдан бери ремонт көрбөй, таптакыр жараксыз абалга келген. Ошондой эле Ак-Суу айылына баруучу жол да өтө жаман абалда экенин айтып, бул көйгөйдү чечүү маселесин койду. Жол куруу маселесин депутат Камила Талиева да көтөрүп болгону 25 чакырым болгон Маргун – Арка жолун курууну быйыл колго

алуу зарылчылыгын айтты. Жол сел каптоодон улам бузулуп отуруп, куштанып, өтө кооптуу абалга келген.

ЖӨЛӨКПУЛ ЧЕГЕРГЕНДЕРДИН ЖОРУГУ

Депутаттар Надира Нарматова, Марлен Маматалиев жөлөкпул маселесин берүүдө коррупциялык элементтер болуп жатканын айтты. Аны чегерүүдө акча талап кылган фактылар же "муздаткычың бар экен" деп жөлөкпул чектебей койгон учурлар көп болуп жатканы депутаттардын эл менен жолугушууларында козголгон. Марлен Маматалиев жөлөкпулдун өлчөмүн көтөрүүнү карап көрүүнү да сунуш кылды.

ТӨӨ БУУРЧАКТЫ САТУУГА ТОСКООЛ БОЛБОСО

Депутат Дастан Жумабеков төө буурчакты тышка сатууга тоскоол болуп жаткан маселени көтөрдү. Депутаттын билдирүүсү боюнча акыркы бир жылдан бери төө буурчакты сыртка сатууда "ГМОсуз" продукция деген сертификат талап кылынып жатат. "Талас облусунда ГМОну аныктап, сертификат бере турган лаборатория жок болгондуктан, ишкерлер төө буурчакты сыртка сата албай жатышат. Бул маселеге тез арада чара көрбөсө, дыйкандардын чөнтөгүнө чоң зыян келтирип, төө буурчак өндүрүүгө залакасы тиет. Азыр төө буурчактын баасы да түшүп жатат. Өкмөт тыштан кредит алат, ал эми дыйкандар өз мээнети менен миллион долларга чейин тыштан акча тартып келип жатат. Андыктан бул маселеге тез реакция кылып, дыйкандар менен ишкерлерге жардам берүү керек", - деди Дастан Жумабеков.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК КЫЗМАТЫНЫН ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЫНЫН КАДРЛАР РЕЗЕРВИН ТҮЗҮҮ ЖАНА ИШТӨӨСҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Башкы, улук жана кенже административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрлар резервдерин түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр белгилensин:

- башкы жана жогорку административдик мамлекеттик кызмат орундарын жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын улуттук кадрлар резервинде турган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" токтомуна ылайык аталган резервге киргизилген адамдар алардын арыздары боюнча мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин буйругу (башка тескөөчү документи) менен 5 жумуш күндүн ичинде конкурстук жол-жоболордон өтпөстөн, алар киргизилген мөөнөткө, ушул Жарлыкка ылайык түзүлүүчү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинин административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын башы тобуна киргизилет. Бул арызды бир жана андан ашык мамлекеттик органга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына берүүгө жол берилет;

- мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ички кадрлар резервинде турган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" токтомуна ылайык мурда ички резервге киргизилген адамдар мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин буйругу (башка тескөөчү документи) менен конкурстук жол-жоболордон өтпөстөн, ушул Жарлыкка ылайык түзүлүүчү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинин тийиштүү тобуна (иш стажына жараша - башкы, улук жана кенже) киргизилет;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык башталган жана 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргендигине байланыштуу аякталбай калган конкурстук жол-жоболор жогоруда аталган Жободо белгиленген жол-жоболор боюнча аякталууга тийиш (бош административдик кызмат ордуна дайындоону кошпогондо).

Мында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык мурда административдик кызмат орунуна дайындоого сунушталган адамдар мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин буйругу (башка тескөөчү документи) менен конкурстук жол-жоболордон өтпөстөн, ушул Жарлыкка ылайык түзүлүүчү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинин тийиштүү тобуна (талапкер дайындоого сунушталган кызмат ордуна жараша - башкы, улук жана кенже) киргизилет;

- мамлекеттик органдын кайра уюштурулганына байланыштуу аякталбаган конкурстук жол-жоболор ушул пункттун төртүнчү жана бешинчи абзацтарында белгиленген тартипте анын укук улантуучусу болуп саналган мамлекеттик орган тарабынан аякталууга тийиш.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

4. Ушул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Ушул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып 7 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 2-февралы, ПЖ №24

Тиркеме

Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине (мындан ары – кадрлар резерви) киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартибин аныктайт.

2. Кадрлар резервинин максаты – административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына квалификациялуу кадрларды тартуу.

3. Кадрлар резерви мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже, улук жана башкы административдик кызмат орундарына талапкерлерден турат.

4. Кадрлар резерви мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан тиешелүү түрдө түзүлөт.

Мамлекеттик органдын ведомстволук бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүгүн жана штаттык санын эске алуу менен, мамлекеттик органдардын жетекчилери ведомстволук бөлүмдүн жетекчисине мамлекеттик органдын ведомстволук бөлүмүнүн өзүнчө кадрлар резервин түзүү укугун бере алышат. Мындай учурда мамлекеттик органдардын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери ушул Жободо мамлекеттик органдардын жетекчилери үчүн белгиленген функцияларды (ыйгарым укуктарды) ишке ашыра алышат.

2. Кадрлар резервин түзүүнүн тартиби

5. Кадрлар резервине төмөнкүлөр киргизилет:

1) ошол органда административдик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар (мындан ары – кызматчылар);

2) органды кайра уюштурууга, штатты кыскартууга, ден соолугунун абалы боюнча узакка эмгекке жарамсыздыкка байланыштуу кызмат орундарынан бошотулган адамдар;

3) мыйзамдарда белгиленген талаптарга жооп берген, кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары.

6. Кадрлар резервине киргизүүгө конкурс (мындан ары – конкурс) тийиштүү мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жарыяланат жана өткөрүлөт.

Конкурс өткөрүү өзүнө төмөнкү этаптарды камтыйт:

- конкурска катышуучулардын документтерин мамлекеттик жарандык кызматчыларга жана муниципалдык кызматчыларга коюлган талаптарга ылайык келишин кароо;

- талапкерлерди мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда компьютердик тестирлөө;

- аңгемелешүү.

7. Кадрлар резервине киргизүүгө конкурс өткөрүү максатында ар бир мамлекеттик органда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында конкурстук комиссия (мындан ары - конкурстук комиссия) түзүлөт. Конкурстук комиссиянын курамы 9 адамдан ашпашы керек.

8. Мамлекеттик органдын конкурстук комиссиясынын курамы мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан бекитилет.

Конкурстук комиссиянын курамына милдеттүү түрдө төмөнкүлөр киргизилет:

- персоналды башкаруу кызматынын жетекчиси (адиси);

- коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу (болсо);

- жарандык коомдун өкүлү жана/же мамлекеттик же муниципалдык кызматтын ардагери (макулдашуу боюнча).

Конкурстук комиссиянын төрагасы болуп мамлекеттик органдын жетекчисинин орун басары (кадрдык ишти тейлеген), мамлекеттик органдын аппаратынын жетекчиси, персоналды башкаруу боюнча кызматынын жетекчиси саналат. Мамлекеттик органдын жетекчисинин орун басарын (кадрдык ишти тейлеген), аппараттын жетекчисин, персоналды башкаруу боюнча кызматтын жетекчисин конкурстук комиссиянын төрагасы кылып аныктоо мүмкүн болбогон учурда - мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан аныкталуучу башка кызмат адамы саналат.

Конкурстук комиссиянын катчысы болуп мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан аныкталуучу персоналды башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адам саналат.

Мамлекеттик органдын ведомстволук же аймактык бөлүмүндө конкурстук комиссия түзүлүшү мүмкүн, анын курамы мамлекеттик органдын жетекчиси менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдын ведомстволук же аймактык бөлүмүнүн жетекчиси тарабынан бекитилет.

Комиссиянын жок болгон мүчөсүнүн ордун алмаштырууга жол берилбейт.

9. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын конкурстук комиссиясынын курамы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан бекитилет.

Конкурстук комиссиянын курамына милдеттүү түрдө төмөнкүлөр киргизилет:

- облустук маанидеги шаардын мэриясында конкурс өткөрүүдө – Кыргыз Республикасынын Президентинин тийиштүү облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн өкүлү;

- райондук маанидеги шаардын мэриясында жана айыл өкмөтүндө конкурс өткөрүүдө - жергиликтүү мамлекеттик администрациянын өкүлү;

- персоналды башкаруу кызматынын өкүлү же персоналды башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адам (болсо);

- коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу (болсо);

- жарандык коомдун өкүлү жана/же мамлекеттик же муниципалдык кызматтын ардагери (макулдашуу боюнча).

Конкурстук комиссиянын төрагасы жана катчысы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен аныкталат.

Республикалык маанидеги шаарларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ведомстволук/түзүмдүк же аймактык бөлүмдөрүндө конкурсту уюштуруу жана өткөрүү үчүн тийиштүү конкурстук комиссияларды түзүүгө укуктуу. Ведомстволук/түзүмдүк же аймактык бөлүмдүн конкурстук комиссиясынын курамы, анын иштөөсүнүн тартиби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан бекитилет.

Жергиликтүү кеңештердин муниципалдык кызматчыларынын штаттык санын эске алуу менен жергиликтүү кеңештин конкурстук комиссиясынын курамына жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан аныкталуучу жергиликтүү кеңештин депутаты (депутаттары) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын өкүлү (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы менен макулдашуу боюнча комиссиянын катчысы катары) киргизилиши мүмкүн.

Калктын саны 6001 адамдан ашык болгон айылдык аймактын жергиликтүү кеңешинин кадрлар резервине конкурстук тандоо өткөрүүнү уюштуруучулук жактан камсыздоо тиешелүү айыл өкмөтүнүн аппаратына жүктөлөт.

Комиссиянын жок болгон мүчөлөрүнүн ордун алмаштырууга жол берилбейт.

10. Мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы кадрлар резервине конкурстук тандоо өткөрүү жөнүндө тийиштүү акты чыгарылгандан кийин эки жумуш күндүн ичинде бул маалыматты өзүнүн ведомстволук веб-сайтына жайгаштырат жана жарыянын текстин мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга анын ведомстволук веб-сайтына жайгаштыруу үчүн жиберет.

Эгерде мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына байланышпаган жагдайлар боюнча маалыматты ведомстволук веб-сайтка жайгаштыруу мүмкүн болбосо, анда аны жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырууга жол берилет.

Кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүү жөнүндө маалымат милдеттүү түрдө төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:

- мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы жана юридикалык дареги;

- кадрлар резервине киргизүү үчүн коюлуучу квалификациялык талаптар;

- конкурска катышуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси;

- документтерди кабыл алуу убактысы жана орду.

Жарыя Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча маалыматты камтышы мүмкүн.

Конкурс зарылдыкка жараша өткөрүлөт. Мында ачык конкурстук тандоонун натыйжалары боюнча кадрлар резервине киргизилген адамдардын саны мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ар бир административдик кызмат ордуна балансталган ыкманы эске алуу менен мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматчыларынын жалпы штаттык санынын 100 пайызынан ашпоого тийиш.

11. Тандоого катышууну каалаган адамдар кадрлар резервине киргизүү үчүн конкурстук тандоону жарыялаган мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына арызын жана документтерин тапшырышат.

Документтерди кабыл алуу мөөнөтү мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан аныкталат, бирок конкурс өткөрүү жөнүндө маалымат жайгаштырылган күндөн тартып 10 календарлык күндөн аз болбоого тийиш. Документтерди кабыл алуу мөөнөтүнүн аякташы конкурс өткөрүү жөнүндө жарыянын текстинде көрсөтүлөт.

Тандоого катышуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылат:

- өзүнүн арызы;

- резюме (электрондук почтаны көрсөтүү менен), өздүк таржымал (соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен);

- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн негизги жана кошумча билимин (бар болсо) ырастаган документтердин көчүрмөлөрү;

- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү (иш стажы бар болсо);

- илимий даражаны жана илимий наамды (бар болсо) ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү;

- паспорттун көчүрмөсү.

12. Кадрлар резервине киргизүү үчүн талапкерлер төмөнкү квалификациялык талаптарга шайкеш келиши керек:

1) административдик кызмат орундарынын кенже тобу үчүн:

- жогорку билим - мамлекеттик органдар үчүн; жогорку же болбосо орто кесиптик билим - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн;

- иш стажына талаптар коюлбайт;

2) административдик кызмат орундарынын улук тобу үчүн:

- жогорку билим;

- жалпысынан бир жылдан кем эмес мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажы же тийиштүү кесиптик чөйрөдөгү 3 жылдан кем эмес иш стажы;

3) административдик кызмат орундарынын башкы тобу үчүн:

- жогорку билим;

- жалпысынан 3 жылдан кем эмес мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажы же тийиштүү кесиптик чөйрөдөгү 5 жылдан кем эмес иш стажы.

13. Документтерди кабыл алуу аяктаган күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде ушул Жобого ылайык тапшырылган арыздардын жана документтердин негизинде комиссия талапкерлердин белгиленген талаптарга туура келери (же болбосо туура келбестиги) жана аларды компьютердик тестирлөөгө катыштыруу жөнүндө чечим кабыл алат.

14. Мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы документтерди карагандан кийин үч жумуш күндүн ичинде мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга конкурстун катышуучуларын тестирлөөгө өтүнмө берет.

Компьютердик тестирлөө мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан өткөрүлөт.

15. Компьютердик тестирлөөнүн этаптары төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

1) мыйзамдарды билүү (жалпы жана предметтик);

2) талапкердин кесиптик маанилүү жеке сапаттарын аныктоо.

Мыйзамдарды билүүсүнө компьютердик тестирлөөдөн өтүүдө баллдык жалпы санынын 50 пайызынан кем эмес балл алган талапкерлерге кесиптик маанилүү жеке сапаттарын аныктоо үчүн компьютердик тестирлөө этабына катышууга уруксат берилет.

Кесиптик маанилүү жеке сапаттарын аныктоо үчүн компьютердик тестирлөөдө босоголук маани белгиленбейт.

Кесиптик маанилүү жеке сапаттарын аныктоо үчүн компьютердик тестирлөөдөн өткөндөн кийин талапкерлерге аңгемелешүүгө катышууга уруксат берилет.

Компьютердик тестирлөөнүн форматы, суроолордун саны, тесттик тапшырмаларга киргизилген ченемдик укуктук актылардын тизмеси мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Предметтик мыйзамдар боюнча суроолор ар бир мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы сунуштаган ченемдик укуктук актылардын тизмесинин негизинде мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлөт.

(Уландысы 5-бетте)

Тиркеме

Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

(Башталышы 4-бетте)

Тестирлөөнүн жыйынтыктары протокол менен таризделип, комиссиянын катчысына өткөрүп берилет.

16. Аңгемелешүү конкурстук комиссия тарабынан өткөрүлөт. Аңгемелешүүнүн натыйжалары боюнча комиссия талапкерди кадрлар резервине киргизүүгө сунуштоо жөнүндө же анын талапкерлигин четке кагуу тууралуу чечим кабыл алат.

Комиссиянын ар бир мүчөсү талапкерди кадрлар резервинин курамына сунуштоого "макул" же "каршы" деген гана добуш берет.

Комиссиянын чечими жыйналышка катышкан мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

Талапкер добуштардын бирдей санына ээ болуп калган учурда комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

Комиссиянын жыйналышы ага курамынын кеминде үчтөн экиси катышкан учурда мыйзамдуу деп эсептелет.

17. Комиссиянын чечимине (актысына) сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

18. Конкурстун жыйынтыгы боюнча конкурстук тандоодон ийгиликтүү өткөн адам 3 жумуш күндүн ичинде конкурстук комиссиянын чечиминин (актысынын) негизинде мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин буйругу (же башка тескөөчү документ) менен кадрлар резервине киргизилет.

19. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган тандоо өткөрүү боюнча уюштуруу мүнөзүндөгү маселелер комиссия тарабынан аныкталат.

3. Кадрлар резервинин иштөө тартиби

20. Административдик бош кызмат ордуна дайындоо мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинде турган адамдардын ичинен же болбосо мыйзамдарга ылайык ротациялоо иретинде мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан ишке ашырылат.

Жакшы даярдалган кесипкөй кадрлар менен камсыз кылуу максатында мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси кадрлар резервинен дайындоо үчүн сунуштоо тартибин, анын ичинде тандоо критерийлерин аныктоого укуктуу.

21. Ушул органда административдик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар жетекчинин тийиштүү чечими (актысы) чыгарылбастан, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинин алардын иш стажына туура келген тобуна (башкы, улук жана кенже) автоматтык түрдө киргизилген деп эсептелет.

Башкы административдик мамлекеттик кызмат орундарын жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө кадрлар резервинде турган адамдар административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын башкы, улук жана кенже тобун ээлөөгө талапкер боло алат.

Улук административдик мамлекеттик кызмат орундарын жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө кадрлар резервинде турган адамдар административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын улук жана кенже тобун ээлөөгө талапкер боло алат.

Кенже административдик мамлекеттик кызмат орундарын жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө кадрлар резервинде турган адамдар административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын кенже тобун ээлөөгө талапкер боло алат.

22. Органдын кайра уюштурулганына, штаттын кыскарганына, ден соолугунун абалы боюнча узакка эмгекке жарамсыздыгына байланыштуу кызмат ордунан бошотулган адам жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде ушул мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинин анын иш стажына туура келген тобуна (башкы, улук жана кенже) киргизилет. Бул арыз жумуштан бошотуу жөнүндө чечим менен таанышкандан кийин үч айдан кечиктирбестен берилиши керек. Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси арыз берилгенден кийин үч жумуш күндүн ичинде бул адамды кадрлар резервине киргизүү жөнүндө тийиштүү чечим (акт) чыгарат.

23. Ачык конкурстук тандоодон өткөн адамдар жана органдын кайра уюштурулганына, штаттын кыскарганына, ден соолугунун абалы боюнча узакка эмгекке жарамсыздыгына байланыштуу кызмат ордунан бошотулган адамдар үчүн кадрлар резервинде туруу мөөнөтү кадрлар резервине киргизилген күндөн тартып 3 жылды түзөт.

24. Министрликтин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомствонун райондук деңгээлдеги аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин административдик мамлекеттик бош кызмат ордуна дайындоо (мамлекеттик органдын ведомстволук бөлүмүнүн аймактык бөлүмүн/түзүмүн кошпогондо) жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы (мындан ары - аким) тарабынан төмөнкү тартипте ишке ашырылат:

- бош орун пайда болгон күндөн тартып 7 жумуш күндүн ичинде министрликтин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомствонун жетекчиси тийиштүү мамлекеттик органдын (министрликтин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомствонун) кадрлар резервинде турган адамдардын ичинен квалификациялык талаптарга ылайык келген 3төн кем эмес талапкерди акимге сунуштайт;

- аким сунушту алган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде сунушталган талапкерлердин бирөөсүн кызмат ордуна дайындоо жөнүндө тийиштүү акт чыгарат же болбосо сунушталган талапкерлерден баш тартып, талапкерлерден баш тартуунун негиздүү себептерин чагылдырган катты аталган талапкерди сунуштаган мамлекеттик органдын жетекчисине жөнөтөт;

- мамлекеттик органдын жетекчиси талапкерлерден баш тартуу жөнүндө акимден кат алгандан кийин 3 жумуш күндүн ичинде (талапкерлер болгондо) тийиштүү мамлекеттик органдын кадрлар резервинде турган адамдардын ичинен квалификациялык талаптарга ылайык келген башка талапкерди (2ден көп эмес) кайрадан сунуштайт;

- кадрлар резервинде башка талапкерлер жок болгон учурда мамлекеттик органдын жетекчиси мурда берилген талапкерлерди киргизүүгө укуктуу;

- талапкерлер кайрадан киргизилген учурда аким кайрадан сунушталган талапкерлердин бирөөсүн сунуш алган күндөн тартып 2 жумуш күндүн ичинде дайындайт.

25. Министрликтин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомствонун шаардык бөлүмүнүн (мамлекеттик органдын ведомстволук бөлүмүнүн аймактык бөлүмүн/түзүмүн кошпогондо) жетекчисинин административдик мамлекеттик бош кызмат ордуна дайындоо шаардын мэри тарабынан төмөнкү тартипте ишке ашырылат:

- бош орун пайда болгон күндөн тартып 7 жумуш күндүн ичинде министрликтин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомствонун жетекчиси тийиштүү мамлекеттик органдын (министрликтин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомствонун) кадрлар резервинде турган адамдардын ичинен квалификациялык талаптарга ылайык келген 3төн кем эмес талапкерди шаардын мэрине сунуштайт;

- шаардын мэри сунушту алган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде сунушталган талапкерлердин бирөөсүн кызмат ордуна дайындоо жөнүндө тийиштүү акт чыгарат же болбосо сунушталган талапкерлерден баш тартып, талапкерлерден баш тартуунун негиздүү себептерин чагылдырган катты аталган талапкерди шаардын мэрине сунуштаган мамлекеттик органдын жетекчисине жөнөтөт;

- мамлекеттик органдын жетекчиси талапкерлерден баш тартуу жөнүндө шаардын мэринен кат алгандан кийин 3 жумуш күндүн ичинде (талапкерлер болгондо) тийиштүү мамлекеттик органдын кадрлар резервинде турган адамдардын ичинен квалификациялык талаптарга ылайык келген башка талапкерди (2ден көп эмес) кайрадан сунуштайт;

- кадрлар резервинде башка талапкерлер жок болгон учурда мамлекеттик органдын жетекчиси мурда берилген талапкерлерди киргизүүгө укуктуу;

- талапкерлер кайрадан киргизилген учурда мэр кайрадан сунушталган талапкерлердин бирөөсүн сунуш алган күндөн тартып 2 жумуш күндүн ичинде дайындайт.

26. Ушул Жободо белгиленген сунуш берүү жана дайындоо мөөнөттөрүн сактабоо, эгерде мөөнөт мамлекеттик органга/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына байланышпаган жүйөлүү себептер боюнча бузулса, эреже бузуу болуп эсептелбейт.

4. Кадрлар резервинен чыгаруу тартиби

27. Кадрлар резервинде турган адам анын курамынан төмөнкү учурларда чыгарылат:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда;
- соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылганда;
- соттун айыптоочу өкүмү менен кызматчы катары иштөөгө же мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын айрым кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салынганда;
- мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинде турган адам ээлеген кызмат ордунан бошотулгандыгына байланыштуу;
- кадрлар резервинде туруу мөөнөтү аяктаганда;
- кадрлар резервинен чыгуу жөнүндө өз арызын бергенде.

28. Кадрлар резервинин курамынан чыгаруу жөнүндө чечим мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин тиешелүү актысы менен таризделет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫНА КӨРҮНҮКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР ЖУСУП АБДРАХМАНОВДУН ЫСЫМЫН ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыздын мамлекеттик жана саясий ишмери Жусуп Абдрахмановдун туулган күнүнүн 120 жылдыгынын урматына жана анын кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнө жана калыптанышына кошкон маанилүү тарыхый салымын таанып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясына кыргыздын көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмери Жусуп Абдрахмановдун ысымы ыйгарылсын жана мындан ары ал "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы" деп аталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы ушул Жарлыкты ишке ашыруу боюнча зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 1-февралы, ПЖ №20

АКЫЛБЕКОВ РУСЛАНБЕК АКЫЛБЕКОВИЧТИ №27 БИРИНЧИ МАЙ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ЧЕЧИМИ

Акылбеков Русланбек Акылбекович 2022-жылдын 27-февралына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоодо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде №27 Биринчи май шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер катары каттоо үчүн берген документтеринин негизинде «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60^1, 61-беренелерине ылайык, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкерлер жана саясий партиялар тарабынан берилүүчү шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун корутундусун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Акылбеков Русланбек Акылбекович №27 Биринчи май шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

2. №27 Биринчи май шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Акылбеков Русланбек Акылбековичке белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилсин.

3. Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкерлер жана саясий партиялар тарабынан берилүүчү шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылдын 1-февралы, №105

ОсОО «Ипотека»
ИНН: 02705202110093
объявляет о своём закрытии.
Все притензии принимаются в течение 2-х месяцев по адресу: **г. Бишкек, ул. Ю.Абдрахманова, 170/1.** Н-182

ОО «Свет Надежды»
ИНН: 03110200510118
объявляет о своём закрытии.
Все притензии принимаются в течение 2-х месяцев по адресу: **г.Бишкек, ул.Севастопольская, д. 10-1.** Н-183

Жеке ишкер Олжобаева Зейнегүл Сүйүндуковнага тиешелүү Каракол шаарынын мамлекеттик салык башкармалыгы тарабынан 26.12.2018-жылы берилген код ОКПО 27890453, ИНН 11704198100642 күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-703

В связи с утерей свидетельства о гос. регистрации ЧГР №81192, код ОКПО 24568202, ИНН 21708196600103 на имя Иманбаева Узак Сарылбековича считать недействительным. Н-175

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Аймукамбетова Эстер Кочорбаевича код ОКПО 27808670, ИНН 20908197600637 считать недействительным. Н-180

В связи с утерей гос. акта №401859 на земельный участок за регистрационным номером 7-08-12-1001-0042, расположенный по адресу: с.Сокулук, МТФ-2 и принадлежащий ОАО "Бишкекский мясоконсервный комбинат" считать недействительным. Н-176

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей на имя Мадемилова Айдар Шабайовича считать недействительным. Н-181

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок ЧN№063804 на имя Жарашевой Каныкей считать недействительным. Н-174

